**Кломет №7 кынга арналган суппозиторийлер**

Кынга арналган Кломет суппозиторийлери – гинекологияда колдонулуучу антибактериалдык дары каражаты.
Хлоргексидин — кең спектрдүү таасири бар антибактериалдык зат.
Клотримазол – козу карынга каршы дары каражаты.
Метронидазол анаэробдук бактерияларга жана трихомонаддарга каршы таасир этет.

**Колдонууга көрсөтмөлөр:**
Кломет бактериалдык вагинитти, козу карындан болгон кольпитти, кындын трихомониазын жана аралаш инфекциялуу кольпитти дарылоодо колдонулат.

**Колдонуу ыкмасы:**
Кынга колдонулат. Уктоонун алдында колду жууш керек.
Кломет суппозиторийин манжанын учуна коюп, кындын ичине (арткы күмбөзгө) терең киргизиңиз.
Бир колдонууга — бир суппозиторий. Дарылоо курсу 7 күн.
Дарылоону токтоткондон кийинки биринчи этек кир циклинен кийин кайталап дарылоо жүргүзүү сунушталат.

**Терс таасирлери:**
Кээ бир учурларда Кломет свечаларын колдонууда аллергиялык реакциялар байкалган.
Айрым бейтаптар кындын ичиндеги күйүү сезимин белгилешкен.

**Каршы көрсөтмөлөр:**
Кломет бул дарынын курамындагы кайсы бир затка сезимтал адамдарга каршы көрсөтүлөт.
Дарынын сырткы көрүнүшүндө өзгөрүүлөр байкалса, аны колдонбоо сунушталат.

**Кош бойлуулук:**
Кош бойлуу аялдарга кош бойлуулуктун алгачкы үч айында Клометти колдонууга болбойт.

**Башка дары каражаттары менен өз ара аракеттениши:**
Клометти колдонуп жатканда башка кынга арналган дары каражаттарын бир убакта колдонууга болбойт.
Эгер башка дары каражаттары колдонулуп жатса, бул препаратты колдонордон мурун дарыгер же фармацевт менен кеңешүү керек.

**Сактоо шарттары:**
Караңгы жерде, тыгыз жабык абалда, 30ºС төмөн температурада сактоо керек.
Балдар жетпеген жерде сактаңыз.

**Чыгаруу формасы:**
Кломет – кынга арналган суппозиторийлер.
PVC/PE ламинацияланган пленкага таңгакталган, бир блистерде 7 свеча, 1 блистер картон таңгакта.

**Курамы:**
Кынга арналган Кломет суппозиторийлери төмөнкүлөрдү камтыйт:
200 мг метронидазол, 160 мг клотримазол жана 8 мг хлоргексидин ацетаты; жардамчы заттары катары жарым синтетикалык глицерид, парафин, ланолин жана жетиштүү көлөмдөгү башка көмөктүү заттар.